УДК 37.01

К.М. ЖУМАКАДЫРОВА
E-mail: ksucta@élcat.kg

# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ

*Бул макалада кыргыз билим берүү системасындагы кесиптик билим берүү, кадрларды даярдоо маселесиндеги айрым проблемалар каралат. Өзгөчө бүгүнкү күндөгү кадрларды даярдоо маселесинде адистиктердин калыптанган системасы, түрдүү профилдер боюнча даярдалып жаткан адистердин саны көбөйүп, бирок жумуш ордунун жок болуп жатканы, өтө тереӊ орун алган коррупция мыкты кадрларды даярдоого кедерги болуп жаткандыгы айтылат.*

*В статье рассматриваются проблемы подготовки профессиональных кадров и профессионального образования в системе образования в Кыргызской Республике.Также говорится об установившейся системе специальностей в проблеме подготовки кадров, о росте количества специалистов разного профиля и о нехватке рабочих мест для них, о коррупции, которая препятствует подготовке хороших профессионалов.*

*In this article we can read about the problems of the preparation of professional personnel and education in educational system in kyrgyz republic. Also there is discussed the steady system of specialties in the problem of training personnels, about increasing quantity of specialists of different profile and about the shortage of work sites for them, about the corruption, which prevents training good professionals.*

Адамдын жүрүш-турушу, анын тандоосу, дайыма ички маданиятынын жана ынанымдарынын, жакшылык жана жамандык тууралуу элестөөлөрүнүн, турмуштук баалуулуктарынын жана идеалдарынын системасынын болушу же болбошу менен аныкталат. Дал ошол «тарбиялоонун эӊ манилүү предметтеринин» үстүнөн ой жүгүртүүдөн билим берүүнү реформалоо башталат. Акыркы учурда мамлекеттин, коомчулуктун көӊүлү саясаттын маселелерине бурулуп, экономиканын жана билим берүүнүн маселелери экинчи планга сүрүлүп калууда. Бул жаӊылыш позиция: анткени, биринчи планда анын себеби эмес, натыйжасы туруп калып жатат. Кыргызстандагы жалпы кризистин башкы себеби: идеологиянын кризиси, тарбиялоо жана каада-салттарды (маданий, кесиптик ж.б.) кийинки муундарга өткөрүп берүү системасынын кризиси болуп эсептелет. Экинчиден кыргыз элинин руханий саламаттыгы бузулду. Бул эмнеге

байланыштуу? Буга Кыргызстандын XX кылымдагы тарыхый окуялары-колониалдык эзүү, революциялык толкундоолор жана согуштар, улуттук-боштондук көтөрүлүштү ырайымсыз басуу, массалык терроризм, кан төгүлгөн Улуу Ата Мекендик согуш, мына ушунун баары элдин күч-кубатын соруп алган болсо, азыркы күндө адамдын аң-сезимине өтө терс таасир берген, билинбей агылып келип кирген маалыматтык террор (клиптер, рекламалык роликтер: сигарет, порно, наркотик, алкоголдук ичимдиктер) коомдук аң-сезимдеги олуттуу бузулууларга алып келди. Тарыхый ченем боюнча мындай өтө тез өзгөрүү – СССРдин кулашы, көз каранды эмес мамлекеттин түзүлүшү, саясий жана экономикалык түзүлүштүн алмашышы, идеологиядан баш тартуу жана андан кийин болуп өткөн, алардан кем эмес радикалдуу өзгөрүүлөр кырдаалды ого бетер курчутуп жиберди. Эски идеалдар жок болду, ал эми жаңылары азырынча түзүлө элек.

Биз жаратылыш жана адам ресурстарына кыйла эле бай өлкөдө жашап жатабыз. Бирок руханий дүйнөбүздүн жакырданышы - биздин жакырчылыгыбыздын себеби. Кыргызстан үчүн коомдун жашоосунун салтка айланган нормасы – Ата Мекенге кызмат кылуу идеясы, патриотизм идеясы бүгүнкү күндө өз баркын жоготууда. Эми мындай кырдаалдан кандай чыгуу керек деген олуттуу суроо туулат. Кыргызстандын жаранын тарбиялоо, төмөндөгүлөрдү болжолдойт:

а) укуктук аң-сезимди, коомдогу турмуштук нормаларга урматтоо, Мыйзамды урматтоо сезимдерин калыптандыруу;

б) эл байлыгын сактоо, ата-бабаларыбыз мураска калтырып кеткен жашоо мейкиндигин сактоо жоопкерчилиги катары түшүнүлгөн патриотизмге тарбиялоону; Мекендин гүлдөп өнүгүшүнө жоопкерчилик.

Билим берүүнүн мазмуну, окутуунун формалары жана методдору, мектептин типтери өтө ар түрдүү болууга тийиш: – инвалид-балдардын жана жөндөмдүүлүктөрү айкын көрүнгөн түрдүү топтогу балдардын, түрдүү региондордун жана аймактардын өзгөчөлүкөтрүн жана кызыкчылыктарын эсепке алган, билим берүү системаларынын кеңири спектри керек. Мектептин түрдүү баскычтарында (башталгыч, негизги, толук) окутуу мөөнөтүн бирдей белгилебей, анын рамкасы – балдардын жеке жөндөмдүүлүктөрү менен аныкталат. Албетте, эскирип, догмага айланган, чындыгында лекциялык формага негизделген мугалимдердин билимин жогорулатуу системасынан баш тартуу керек. Жандуу алакалашуу формалары - чыгармачылык мастерскойлордун ж.б. келечеги кыйла кеңири. Мугалимдердин билимин жогорулатуунун мазмунун жана формаларын (ошонун ичинде, уюштуруу) – мугалимдер коомчулугунун проблемасы.

Азыркы учурда бирдиктүү жана жакшы координацияланган мамлекеттик илимий-техникалык жана билим берүү саясатынын жоктугу Кыргызстандын

фундаменталдык жана прикладдык илимдеги бир катар перспективалуу багыттарда жетишкен позицияларын жоготуп коюусуна алып келиши мүмкүн. Ушундан улам төмөндөгүдөй проблемалар келип чыгат:

**1.** Адистиктердин калыптанган системасы жана түрдүү профилдер боюнча даярдалып жаткан адистердин саны эмгек рыногунун муктаждыктарына дал келбейт. Алардын көбү Кыргызстандан өздөрүнө иш орундарын таба алышпай, чет өлкөлөрдөн иш издешүүдө.

**2.** Илимий жана билим берүүчү процесстердин биримдиги принциби жана алардын коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун конкуренцияга жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталгандыгы бузулууда. Илимий, кадрдык потенциалдын көп бөлүгү топтолгон, илимий жана инженердик кадрлар даярдалып жаткан вуздар, жеткиликсиз финансылоонун жана азыркы талаптарга жооп берген материалдык-техникалык базанын жоктугунун, экономиканын реалдуу сектору менен байланышынын начардыгынан улам олуттуу илимий изилдөө иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырап калган.

**3.** Докторлук диссертацияларды коргоонун эскирген системасы келечектүү жаш кадрлардын илимий изилдөө ишине катышуусуна тоскоолдук кылууда. Таланттуу окумуштуунун кыйла продуктивдүү жылдары, көп учурларда, чоң илимий баалуулукка ээ болбогон докторлук диссертацияны даярдоого жана жактоого сунуш кетет. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө кабыл алынган, жогорку билимдин жана илимдин квалификациясынын үч баскычтуу системасы: бакалавр (4 жылдык окутуу), магистр (2 жыл окутуу), доктор (вузду аяктагандан кийин 3 жыл окутуу) кыйла натыйжалуу.

Бул проблемаларды төмөндөгүдөй жолдор менен чечүү зарылдыгы келип чыгат:

**1.** Бардык тармактарда жана бардык деңгээлдерде кадрларды даярдоо системасынын алдыга озгон өнүгүүсү - өлкөнү модернизациялоонун шарты. Адистерди даярдоо коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун конкуренцияга жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда илимий-техникалык прогресске аралашуусуна багытталууга тийиш. Кыргызстандын шарттарында илимге негизделген продуктылар жана жогорку технологиялар гана дүйнөлүк рынокто конкуренцияга туруштук бере алат.

**2.** Жогорку жана орто билимде үч баскычтуу - бакалавр, магистр, доктор квалификацияларын киргизүү максатка ылайыктуу. Жемиштүү чыгармачылык мезгилди көбөйтүү максатында, бир эле илимдин доктору деген даражаны киргизип, илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын жоюу керек.

**3.** Билим берүүнүн экспорттук потенциалын толугу менен колдонуу зарыл. Билим берүү жана илим капитал салуунун пайдалуу чөйрөсү болуп калууга тийиш. Вуздар

билим берүү кызматын, илимий иштеп чыгууларды жана жогорку технологияларды экспорттоону камсыз кыла алышаар эле.

**4.** Педагогикалык билим берүү системасын чечкиндүү түрдө кайра куруу керек. Педагогикалык билим берүүнүн мазмуну университеттер үчүн көбүрөөк ылайык келген курстарга толуп кеткен. Ал келечектеги мугалимдин проблемасынан көп эле алыс: бүтүрүүчү көпчүлүк учурда мектептик тапшырмаларды жакшылап аткара албайт; жалпы маданий деңгээли, методикалык маданиятынын деңгээли анча жогору эмес. Мугалимдердин окутуунун жана тарбиялоонун азыркы методдору, педагогикалык технологиялар тууралуу маалыматтары жеткиликтүү деңгээлде эмес. Педагогикалык билим берүүнүн мазмунун мектептик мазмунду иштеп чыгуу менен бир учурда жүрүүгө тийиш: мугалимдерди даярдоо дайыма жаңылыктарды киргизүүнүн алдында жүрөт.

**5.** Биздин өлкөдө, чет өлкөлөрдө да, билим берүү тууралуу илим башка илимдерге караганда кыйла эле артта калды.

**6.** Педагогикалык илимди уюштуруунун жаңы системасы төмөндөгүдөй талаптарга жооп берүүгө тийиш:

- Реформаларды жана фундаменталдык изилдөөлөр үчүн зарыл болгон толук көлөмдөгү изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- билим берүү системасы менен түздөн-түз байланышта болуу;
- кадрларды өстүрүү.

Ресурстарды чачыратпаш үчүн, өлкөнүн ар кайсы эксперименттик аянтчаларды (ЭА) түзүү керек. Дал ушул аянтчалар кадрларды өстүрүүнүн борбору болуп, аларда тиешелүү практикага багытталган педагогикалык лабораториялар түзүлөт. ЭАга ачык конкурстар аркылуу кыйла даярдыгы бар жамааттар тандалып алынат. Өлкөнүн мыкты адистерин топтогон, убактылуу чыгармачыл жамааттар - кыйла ири проблемаларды чечүүнүн оптималдуу формасы болуп калмак.

Ал эми башкаруу системасы жөнүндө сөз кыла турган болсок**,** акыркы учурларда «Мамлекет билим берүүгө өзгөчө көңүл бөлүүгө тийиш» деген тезис популярдуу болууда. Сөз бул жерде мамлекеттик монополияны калыбына келтирүү тууралуу эмес, башкаруунун, чечимдерди иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун жаңы коомдук-мамлекеттик системасын түзүү тууралуу жүрүүгө тийиш. 90-жж. кыйын учурларда, башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде кабыл алынган, көптөгөн чечимдер позитивдүү баалоого арзыйт: Маселен, билим берүү системасы негизинен сакталып калды*;*

- приватташтыруу аракеттерине жол берилген жок;

- окуу программаларынын, билим берүү системасынын типтеринин, окутуу моделдеринин вариативдүүлүгү реалдуулук болуп калды;

- рынок механизмдери иштей баштады;

- билим берүү тууралуу прогрессивдүү мыйзамы кабыл алынды. Ошого карабастан, азыркы билим берүүнүн абалын анализдөө, билим берүү системасын башкаруунун кризисинин күчөп жаткандыгы тууралуу жыйынтыкка алып келүүдө. Бул боюнча мамлекеттин билим берүү боюнча стратегиялык саясаты жок, министрлердин тез-тез алмашып, ошого жараша тактикалардын да алмашып туруусун, анын күбөсү катары карасак болот; бардык деңгээлдердеги көп сандаган кайра куруулар, реформалоо боюнча баш аламан аракеттер; кабыл алынган бир катар документтердеги милдеттенмелерди аткарбоо;

-башкаруу чөйрөсүндө криминогендик зона кеңейүүдө (жогорку окуу жайларга өтүү үчүн пара берүү, экспертизаларды жүргүзүүдөгү күмөндүү аракеттер, аттестациялар, аккредитациялар, лицензиялоо, конкурстар жана тендерлер, бирөөлөрдүн кызыкчылыктарын кадыр-колкосу менен коргоо); Ошондой эле буйрукчулдук күчөөдө: көптөгөн олуттуу чечимдер коомдук дискуссиясыз жана профессионалдык талкуусуз, «административдик ресурсту» активдүү колдонуу менен, чала ойлонулуп жана шашылыш кабыл алынууда. Көрүнүктүү жетекчилик кызматта иштеген адамдар тарабынан жакталган диссертациялардын, түрдүү деңгээлдеги сыйлыктардын санынын өсүшү негиздүү кооптонууларды пайда кылууда. Демек булардын баары каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга, документтердин сапатынын төмөндөшүнө алып келет. Бул проблемаларды кандай чечсе болот?

**1.** Рынок мамилелери калыптанып жаткан шарттарда, мамлекет улуттук билим берүү системасын өз алдынча каржылап жана тиешелүү деңгээлди кармап турууга чамасы келбей калды. Ошондуктан, мамлекеттин, коомдун, инсандын, борбордун, областтык жана райондук структуралардын, жарандардын ортосунда билим берүү үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрүүнүн жаңы системасын чагылдырган мыйзамга негизделген ар тараптуу келишим талап кылынууда.

**2**. Башкаруунун жаңы моделин издөөнүн зарылдыгы финансылык каражаттарды издөө зарылдыгынан келип чыгууда. Төмөндөгү чаралар, жакынкы келечекте бул проблемаларды чечүүгө мүмкүнчүлүк берет:

- билим берүүнү «мүмкүнчүлүккө жараша» (б.а. калдыктык принциптен толугу менен баш тарткан) бюджеттик (бардык деңгээлдерде) финансылоо;

- билим берүү чөйрөсүндө биргелешкен эл аралык долбоорлорду жүзөгө ашыруу;

-билим берүү чөйрөсүндө жана анын инфрастуруктураларында финансылык каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу;
-жаңы экономикалык механизмдерди (билим берүү мекемелерине кредит берүү, камсыздоо, жөндүү экономикалык демилгелерин колдоо ж.б.) иштеп чыгуу. Бул булактарды толук деңгээлде бириктирүү үчүн мамлекеттин, коомдун, инсандын социалдык партнерлугунун нормаларын жана принциптерин чагылдырган укуктук негиздерди түзүү талап кылынат.

**3.** Жашап турган системаны бюрократиядан арылтуу – башкаруунун жаңы системасына өтүүнүн зарыл шарты катары карайбыз. Бюрократиядан арылтуу деп төмөндөгүлөрдү түшүнөбүз:
- бүгүнкү күндө калыптанган башкаруу системасын структурасын жана иштөө принциптерин чечкиндүү кайра куруу, кадрларды конкурстук негизде тандоо;
- билим берүү системасында чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда коомдук топтордун жана кесипчилик жамааттардын, окуучулардын ролун кыйла жогорулатуу.

**4.** Башка бир багыты – конкреттүү иштерге, аларды экспертизалоого жана иштеп чыгууга активдүү катышкан жоопкерчиликтүү кесиптик структуралардын, жамааттардын жана коомдук топтордун калыптануу процессинде билим берүү системасын демократташтыруу. Реформанын башкы милдеттеринин бири – негизин жаңы муундар түзгөн жарандык коомду өстүрүү. Бул үчүн билим берүү системасынын өзү, сөзсүз адептик тазалыктын, жарандыктын эталону болууга тийиш.

Жалпы орто билим берүүнүн максаты – окуучуларды гуманисттик маданияттын идеалдарында тарбиялоо, б.а.:
- окуучулук мезгилде татыктуу маданияттуу жана табигатка шайкеш жашоосуна көмөктөшүү;
- окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн, шыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн эсепке алуу менен, окуучулардын табигый потенциалынын толук ачылышына көмөктөшүү;
- ата мекендик жана дүйнөлүк маданияттын үлгүлөрүндө тарбиялоо.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда да, дүйнө жүзүндө да билим берүүнүн мазмунун түзүүнүн татаал проблемаларын чечүү боюнча даяр сунуштар (жолдор*) жок*. Ошондуктан, олуттуу илимий иштелмелер жана аларды окутуунун практикасында эксперименталдык текшерүү, окуу процессин уюштуруунун жаңы технологияларын жана формаларын издөө, колдо болгон тажрыйбаны (ошонун ичинде, чет өлкөлүк) анализдөө зарыл.

Позитивдүү тажрыйбаны – билимдин негиздүүлүгүн сактап калуу зарыл. Бирок, ошону менен бирге эле, курстун ядросун минималдаштыруу, эскирген жана экинчи

даражадагы материалдардан бошонуу керек. Билим берүүнүн мазмуну продуктивдүү болуп калууга тийиш, билимдердин системасынан тышкары, ыктардын жана көндүмдөрдүн (ошонун ичинде, практикалык мүнөздөгү) системасын өздөштүрүү, билимдерди өз алдынча алууга жана аларды чыгармачылык менен колдонуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү талап кылынат. Албетте, коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, чет тилдерди өздөштүрүүгө көбүрөөк көңүл буруу талап кылынат. Азыркы бала маалыматтарга жык толгон дүйнөдө жашоодо. Мындай шарттарда, мектеп өз миссиясын ийгиликтүү аткаруу үчүн, билим берүүнүн мазмуну да, окутуунун методдору да кызыктуу, эмоционалдуу, мотивацияларды өнүктүрүүгө багытталган болууга тийиш. Демек, үзгүлтүксүз билим берүү концепциясына ылайык, кыйла кеңири системаны кароо максатка ылайыктуу: адамдын жалпы билими өмүр бою - өз алдынча билим алуу, маданий мекемелердин (музейлер, китепканалар, театрлар...), эс алуу борборлорунун, китептердин жана журналдардын, радионун жана телевидениенин жардамы менен окуу уланат.

## Адабияттар

1. Кадырбекова П. О перспективах подготовки германистов в Кыргызстане // Актуальные проблемы развития послевузовского образования в контексте современности: Материалы научной конференции, посвященной 80-летию образования КНУ и 10- летию центра МАНОП.–.Вып. 1. – Бишкек, 2006. – С. 21-27.
2. Култаева Ү. Кыргыз тилди бөтөн тил катары окутуунун методикасы. – Бишкек, 2003.
3. Концепция профильного обучения на старшей ступени школьного образования Кыргызской Республики. – Бишкек, 2002.
4. Мамбетакунов Э, Сияев Т. Педагогиканын негиздери: Окутуу формаларынын түрлөрү. – Бишкек, 2000.
5. Гермунский Б.С. Философия образования для XXI века. – М., 2002.